**Эл аралык Атаүрк - Ала-Тоо университетинин**

**Окумуштуулар Кеңешинин 2016-жылы 26- августта болуп өткөн № 1-токтомунан**

**К Ө Ч Ү Р М Ө**

**Катышкандар:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, университеттин ректору, мед.и.д., профессор Осман Гокальп;

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын орун басары, пед.и.к., доцент Сулейман Шентүрк

Окумуштуу катчы, фил.и.к., доцент Кундуз Жузупекова

**Каралуучу маселе:**

1. Жумушчу топ иштеп чыккан университеттин 5 жылдык Стратегиялык планын жана университеттин мисииясын бекитүү.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Университеттин ректору мед.и.д., проф. Осман Гөкальп, университеттин проректору пед.и.к., доцент Сулейман Шентүрк, филос.и.д., проф М.Эдилова, э.и.к. Беделбай Мамадиев, э.и.к. Нурлан Атабаев

**Күн тартибинде коюлган маселелер талкууланып, Эл аралык Ататүрк- Ала-Тоо университетинин Окумуштуулар кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жумушчу топ иштеп чыккан университеттин 5 жылдык Стратегиялык планы жана университеттин мисииясы бекитилсин.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы
Мед.и.д., проф — Осман Гөкальп

Окумуштуу катчы, ф.и.к., доцент — Кундуз Жузупекова

Эл аралык Ататүрк-Ала Тоо университети
Окумуштуу катчы
«03» 05 2019-жыл

**Көчүрмө анык**
**Окумуштуу катчы К.Жузупекова**

*03.05.2019-жыл*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»**

**«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY** ***ДОЛБООР***

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

# «АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН № 9 ПРОТОКОЛУ

Жыйындын убактысы: 25.04.2019

Катышуучулар:

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, пед.и.к., доцент Санжарбек Эрдолатов;

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын орунбасары, пед.и.д., профессор Жангороз Каниметов;

Окумуштуу катчы, фил.и.к., доцент Кундуз Жузупекова;

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 18

**Каралуучу маселе:**

1. Университеттин илим изилдөө ишмердиги, илимий журналдардын абалы;
   *Илимий иштер боюнча проректор Салидин Калдыбаев, илим департаментинин директору Назира Эсеналиева;*
2. Мамлекеттик предметтердин берилиши, деңгээли, уюштурулушу;
   *Инновация жана квалификацияны жогорулатуу институтунун директору Кундуз Жузупекова, Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин директору Талант Асан уулу*
3. Университеттин материалдык-техникалык абалы (салыштыруулар, келечек пландар);
   *Проректор Халил Коч, чарба иштери боюнча координтор Мехмет Али Динчер;*
4. АЭУ нин Сапатты башкаруу системасынын жетекчилиги;
   *Окуу иштери боюнча проректор Жангороз Каниметов*
5. Жоболорду бекитүү;
   *а) Жайкы окуу (жобосун бекитүү); Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин директору Талант Асан уулу*
   *б) Академиялык мобилдүүлүк (жобосун бекитүү); Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин директору Талант Асан уулу*

6. Акредитациялык маселелер тууралуу:
*6.1.*Медицина факультетинин акредитациядан өтүү боюнча өзүн баалоо тууралуу чечимин кароо;

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р. Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

7. Гуманитрадык илимдер факультетинин Филология жана маданияттар аралык байланыш (Түркология) кафедрасынын студенти Суюналиева Айгеримди Алмашуу программасы тууралуу баа баракчасы (транскрипт) көчүрмө баракчасы менен бүтүрүү иши кабыл алуу боюнча.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Биринчи маселе боюнча,** университеттин Илим департаментинин директору Назира Эсеаналиева Университеттин илим изилдөө ишмердиги, илимий журналдардын абалы боюнча жалпы баяндама жасап, 2018-2019-окуу жылындагы ишмердүүлүгү менен Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн тааныштырды. Жалпы университетте факультеттер жана кафедралар тарабынан өткөрүлүп жаткан илимий багыттагы иштердин баардыгы департамент тарабынан көзөмөлгө алынаарын жана пландалган ар бир иш чара департаментке сунушталуу аркылуу ишке ашаарын айтып өттү. Ошону менен катар студенттердин илимий иштериндеги жетишкендиктерин санап келип, Энактус прораммасы менен биздин университеттин командасы жакында болуп өткөн эл аралык таймашууда алдыңкы орунду алып, Америкага жолдомо алгандыгын жана ага даярдыктар көрүлүп жаткандыгын белгиледи.

Биздин окуу жайдын илимий басылмаларынын акыбалы бүгүнкү күндө мурдагы жылдарга караганда солгундай түшкөндүгүн айтып келип, жалпы университеттин жамаатынан окутуучулардын макала берүүсүнө көмөк көрсөтүүнү суранды. Баяндамага университеттин илим иштери боюнча проректору С.Калдыбаев кошумча толуктоолорду киргизип, жогоруда айтылган сунуштарды окумуштуулар кеңеши колдоп берүүсүн айтып өттү.

**Экинчи маселе боюнча,** Мамлекеттик предметтердин берилиши, деңгээли, уюштурулушу тууралуу Кундуз Жузупекова билдирүү жасап, бүгүнкү күндөгү университеттеги жалпы Мамлекеттик предметтердин берилишиндеги жалпы проблемаларга токтолду. 1-курска кабыл алынган студенттердин жалпы окутулган сабактарынын 80 % мамлекеттик предметтер түзүп тургандыктан, бул маселеге көңүл буруу зарыл экендигин эскертип өттү. Сынактан өтпөй калган студенттердин 50 % ушул предметтерден экендиги аныкталгандыгын айтып келип, учурда жалпы Мамлекеттик предметтердин саны 16 ны түзүп, дээрлик көп пайызы сырттан сааттык төлөм менен окутулары анализден улам келип чыккандыгын баса белгиледи. Ушундан улам, бул предметтерге өзгөчө көңүл буруп, көзөмөлдөп, сабактын сапат, деңгээлин жогорулатуу максатында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана анын кесипкөйлүгүн эске алуу, ошону менен катар атайы стратегиялык пландын иштелип чыгышы шарт экендигин сунуштады. Мына ушул айтылгандарды эске алуу максатында Мамлекеттик предметтерди координациялоо бир жерге чогултулуп, атайы бир кафедра түзүү иштин эффективдүүлүгүнө жол ачарын айтып өттү.

Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин директору Талант Асан уулу бул маселе боюнча бир жылдан бери атайы анализдер жүргүзүлүп келгендигин, ошону менен катар Тил институтндагы студенттердин санынын азайышы бүгүнкү күндө Даярдоо курсун факультетке берүү керек болуп тургандыгын кошумчалады.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»

«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY

*ДОЛБООР*

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

**Күн тартибинде коюлган маселелер талкууланып, Ала-Тоо эл аралык университетинин Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. **Университеттин илим изилдөө ишмердиги, илимий журналдардын абалы боюнча:**
   - Университеттин илим изилдөө ишмердиги, илимий журналдардын абалы тууралуу билдирүү эске алынсын;
   - Университеттин илим департаментине университеттин профессордук-окутуучулук курамынын илимий иштерге тартылышына, алардын илимий деңгээлинин өсүшүнө уюштуруу тапшырылсын;
   - Университеттин илимий журналдарынын сапатын арттырууга, рейтингин жогорулатууга тиешелүү чаралар көрүлсүн;
   - Илимий изилдөө иштери ар бир факультетте, кафедраларда окутуучулар, аспиранттар, магистранттар, студенттер, үчүн иш пландар жүргүзүлүп, ишке ашырылсын;
   - Илим департаменти Илим багытындагы долбоорлор менен иштөөсү колго алынсын;
   - Бул иштерди жетекчиликке алуу университеттин илимий иштер боюнча проректору С.Калдыбаевге жүктөлсүн.

2. **Мамлекеттик предметтердин берилиши, деңгээли, уюштурулушу боюнча:**
   - Мамлекеттик предметтердин берилиши, деңгээли, уюштурулушу боюнча билдирүү эске алынсын;
   - Аккредитациялык иштерге байланыштуу Мамлекеттик предметтер университетти таанытуудагы алгачкы башталышта негизги предметтер болуп, жалпы 1-курстарда 80%, 2-курстарда 40 %ды түзгөндүктөн стратегиялык план иштелип, май айынын Окумуштуулар кеңешине киргизилсин жана иштөөгө комиссия түзүлсүн:

     *Талант Асан уулу –* ***комиссиянын төрагасы,*** *Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин директору;*

     *Кундуз Жузупекова – комиссиянын төрагасынын орун басары, Квалификацияны жогорулатуу дана инновация институтунун директору;*

     ***Комиссиянын мүчөлөрү:***

     *Алтынай Сайдалиева – Кыргыз тили бөлүмүнүн башчысы;*

     *Замира Камчибекова – Дене тарбия бөлүмүнүн башчысы;*

     *Мариям Эдилова, филос.и.д., профессор;*

     *Гулнура Дыйканбаева, филос.и.к., доцент;*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»**

**«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY**

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

***ДОЛБООР***

- Жаңы окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу «Д» блокто жүргүзүлсүн жана кабыл алуу шарттары түзүлсүн;
- Университеттеги зал, кабинеттерди жасалгалоосу (оформление) боюнча жаңы окуу жылына даярдыктар көрүлсүн. Ишке ашыруу милдети Халил Коч, Декан, кафедра башчы, кабинет башчыларына жүктөлсүн;
- «Инженерия жана информатика» факультетине А блоктун 2-кабатына ачык терезе жалпы кабинети түзүлсүн;
- Демөөрчүлөрдүн жардамы аркылуу Б жана Д блокторунун 1- жана 2-кабаттарында университетибиздин студенттери үчүн эс ала турчу жана сабактарын аткара алуу үчүн жайларды даярдоо сунушталсын;
- Жаңы окуу жылына кафедраларга, декандарга окуу кабинеттерди туура бөлүштүрүү, расписаниеге жооптуу бөлүнүп, ар бир кабинет, лабораториялар туура пайдаланылсын. Ишке ашырууда Халил Коч, Талант Асан уулу, Декандарга милдеттендирилсин;
- Кабыл алууда Медициналык факультеттин, Кесиптик билим берүү бөлүмүнүн, Информатика жана башка адистердин студенттерин көбөйүүсү күтүлүүдө. Ошондуктан кошумча окуу кабинеттери түзүлсүн, декандардын кабинеттери окуу аудиториясына пайдаланылсын, Декан, кафедра башчы, окутуучуларга ыңгайлуу шарттар түзүлсүн;
- Керектүү окуу куралдар жана окуу китептер менен толукталсын;
- "Ала-Тоо" эл аралык университети факультеттер, институттар жана кафедралардын илимий-практикалык ж.б. иш чараларын өткөрүүдө ишкерлер жана университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн демөөрчүлүгү менен өткөрүлсүн;
- 2019-2020-окуу жылында уюштурула турган иш-чаралардын каржысы тууралуу план 20-августка тапшырылсын;
- Бул иштерге жетекчилик кылуу университеттин проректору Халил Кочко тапшырылсын.

4. **АЭУ нин “Сапатты башкаруу системасынын жетекчилиги» боюнча иш чара бекитилсин;**
5. **Жоболор бекитилсин:**
   - *«Жайкы окуу» жобосу бекитилсин;*
   - *«Академиялык мобилдүүлүк» жобосу бекитилсин.*

**6. Акредитациялык иштерге байланыштуу маселелер тууралуу:**

- Медицинадарылоо бакалавр системасы факультетини эл аралык «НАР» акредитациялык агенттигинен өтүү боюнча өзүн баалоо тууралуу чечими кабыл алынсын;
- Университеттин акредитация иштерин уюштурууга байланыштуу Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин Башкы адистик бирдиги директордун орун басары болуп аталсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**«АЛА-ТОО» ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ «АЛА-ТОО»**

**«ALA-TOO» INTERNATIONAL UNIVERSITY**

720048 Кыргызстан, Бишкек ш., Тунгуч к/р, Анкара көч., 1/8 (М.Горький)

720048 Кыргызстан, г. Бишкек, мкр. Тунгуч, ул. Анкара, 1/8 (М.Горького)

720048 Kyrgyzstan, Bishkek, md.Tunguch, str. Ankara, 1/8 (M.Gorky)

тел: +996-312 - 631425, +996-312 631426, факс: 996-312-630409, e-mail: info@iaau.edu.kg , web: www.alatoo.edu.kg

***ДОЛБООР***

7. Гуманитардык илимдер факультетинин Филология жана маданияттар аралык байланыш (Түркология) кафедрасынын Суюналиева Айгерим алмашуу программасы менен Түркия мамлекетинде бир жыл окуп, окугандыгы тууралуу баа баракчасын (транскрипт) саясий маселелерден улам ала албай калгандыгына байланыштуу, көчүрмө баа баракчасы (транскрипт) менен бүтүрүү иши каралсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, п.и.к., доцент** **Санжарбек Эрдолатов**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын орунбасары, пед.и.д., профессор** **Жангороз Каниметов**

**Окумуштуу катчы, фил.и.к., доцент** **Кундуз Жузупекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**АЛА-ТОО ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ АЛА-ТОО**

**ALA-TOO INTERNATIONAL UNIVERSITY**

**2019 ж. «25» 04** **№ 9**

**Ала-Тоо Эл аралык университетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнүн**

**Келүү барагы**

| **№** | **Аты жөнү** | **Окумуштуулук наамы, даражасы** | **Колу** |
|---|---|---|---|
| 1. | Эрдолатов Санжарбек Сайпидинович – төрага | педагог.и.к., доцент | |
| 2. | Каниметов Жангороз– төраганын орун басары | пед.и.д., профессор | |
| 3. | Сулейман Шентүрк | педагог.и.к., доцент | |
| 4. | Калдыбаев Салидин Кадыркулович | пед.и.д., профессор | |
| 5. | Талант Асан уулу | э.и.к., доцент | |
| 6. | Ахмет Санич | PhD., профессор | |
| 7. | Акмолодев Кыялбек Маматалиевич | PhD, доц.м.а. | |
| 8. | Мамадиев Беделбай Ырысбаевич | э.и.к., доцент | |
| 9. | Жакшылыков Жылдызбек | пед.и.к., доцент м.а. | |
| 10. | Суракан Алымбекова | доц.м.а. | |
| 11. | Гулнур Жайнакова | окутуучу | |
| 12. | Халим Незиоглу | саяс.и.к., доцент | |
| 13. | Халил Коч | э.и.к., доцент | |
| 14. | Ибрахим Конжак | саяс.и.к., доц.м.а. | |
| 15. | Нурзат Казакова | фил.и.к., доцент | |
| 16. | Ахмет Чапраз | PhD, доц.м.а. | |
| 17. | Зеки Пекташ | пед.и.к., доцент | |
| 18. | Жузупекова Кундуз Нуркалыковна – окумуштуу катчы | филол.и.к., доцент | |

**Окумуштуу катчы, фил.и.к., доцент** **Кундуз Жузупекова**